# БАЗАР-КОРГОН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

**Базар-Коргон айылы** **16-апрель 2021-ж.**

**«Клооп медиа»коомдукфондунун даттануусун кароо жөнүндө**

## ЧЕЧИМ № 43

**«Клооп медиа»** коомдук фондунун 2021-жылдын «13»-апрелиндеги **№2130 "Колот"** участкалык шайлоо комиссияларынын аракеттерине даттануусун карап чыгып, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт.

Анкнын отурумуна чакырылган **«Клооп медиа»** КФ нын окулу Ф.Якупбаева келген жок.

**«Клооп медиа»** коомдукфонду өзүнүн билдирүүсүндө **№№2130** шайлоо участкасында добуш берүүнү уюштуруу эрежелери бузулгандыгын же болбосо АЭУ жабдууларынын жанында дайыма комиссия мүчөлөрү тургандыгын көрсөткөн.

Ушуга байланыштуу **«Клооп медиа»** КФ Базар-Коргон аймактык шайлооко миссиясынан **№2130** шайлоо комиссиясында УШК-нын торагасынын аракеттерин мыйзамсыз деп табууну жана добуш берүүнүн жыйынтыгын жокко чыгарып берүүнү суранат.

Иштин материалдарын иликтеп жана **«Клооп медиа»** КФнын даттануусун карап чыгып, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт:

Аталган маселени объективдүү кароо үчүн жыйынга **№2130 "Колот" УШК**-нын төрайымы З.Кочконбаева,УШК-нын катчысы С.Рахманов, АЭУ оператору Б.Самидиновтордун түшүнүк кат алынып, суралганда эч кандай мыйзам бузуулар болбогонун билдиришти. Добуш берүү күнү талапкерлердин 9 байкоочулары жана **«Клооп медиа»** КФ-нан 2 байкоочу, жалпы 11 байкоочу байкоо жүргүзүшкөн. Добуш берүүчү жай мектептин фойесинде жайгашып, тар болгондуктан АЭУ оператору 1,5 м аралыкты сактоого мүмкүнчүлүк болбойт. Ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо референдум менен бирге болгондуктан, кээ бир кары-картаң шайлоочулар шайлоо бюллетендерин АЭУ-га салууда адашып, АЭУ операторлорунун жардамына муктаж болуп жатышты.

2021-жылы 11-апрель жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жана Референдум боюнча шайлоодо участкада техникалык үзгүлтүктүктөр болгон эмес. Ошол күнү саат 8.00 менен 22.30 аралыгында " Клооп Медиа" коомдук фондунун байкоочулары шайлоо участогунда болгон. Бирок шайлоо участоктокоомдук уюмдун байкоочулары белгилегендей,шайлоо процессинде мыйзам бузуулар болгон эмес, жана мыйзам бузуулар жөнүндө арыз-даттануулар, актылар түшкөн эмес..

Мында «Кыргыз Республикасынын жергиликтуу кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 41-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, «Шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын окулдору жана байкоочулар мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат. Арыз, даттануулар жүйөлүү болуп, аларга негизделген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш».

Бирок даттанууда баяндалган жүйөөнү далилдеген арызда сүрөт жана көрмө материалдар жок.

Баяндалгандардын негизинде, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин жетекчиликке алып, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ

1. «Клооп-Медиа» коомдук фондунун 2021-жылдын «11» апрелиндеги даттануусун канааттандыруудан баш тартылсын.
2. Ушул чечимдин көчүрмөсү«Клооп-Медиа»коомдук фондуна жөнөтүлсүн.

**Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Мадумаров Н.К**

**Катчысы:** **Э.Жумабаева**